**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: ccc@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ Д-205 «01» 06 2021

Сизд.чыг. (На) №________ «____» ________20__

Ош облусунун
Алай районунун
Гүлчө айылынын тургундары
**Н.К. Душобаевага**
**Э.А. Олоковага**

Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүү учурунда шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттануулрын кароо боюнча Жумушчу топ (мындан ары – Жумушчу топ) Сиздердин №5144 шайлоо участкасындагы Бакаева Айгул Мусаевнанын добуштарынын санын жокко чыгарып берүү тууралуу 2021-жылдын 26-апрелиндеги арызыныздарды карап чыгып, төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, төмөн турган шайлоо комиссияларынан жогору турган шайлоо комиссияларына протоколдордун маалыматтарын өткөрүп берүү аркылуу добуш берүүнүн жүрүшүнө жана натыйжаларына байкоо жүргүзүү үчүн маалыматтык шайлоо системасы пайдаланылат. Маалыматтык шайлоо системасы аркылуу добуш берүүнүн жүрүшү жана натыйжалары жөнүндө алынган маалыматтар юридикалык мааниге ээ болбогон алдын алма маалымат болуп саналат. Маалыматтык шайлоо системасын пайдалануунун тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

Жогоруда аталган Мыйзамдын 36-беренесинин 12-бөлүгүнө ылайык, *«Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуштарды эсептөө учурунда бардык катышып отурган адамдарга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн контролу астында шайлоо бюллетендери менен өз көзү менен көрүп таанышууну сунуш кылат. Автоматтык эсептөөчү урнадагы маалыматтар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары добуштарды кол менен эсептөөнүн маалыматтары боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарына дал келбеген учурда талапкердин, саясий партиянын өкүлүнүн же байкоочунун добуштарды кайра эсептөөнү жүргүзүү талабы боюнча шайлоо бюллетендери талапкердин, саясий партиянын өкүлдөрүнүн*

*же байкоочунун түздөн-түз катышуусунда жана алардын көрүп туруп контролдоо мүмкүнчүлүгүн түзүү менен кайра эсептелет. Мында шайлоо бюллетендери үн чыгарып эсептелет.*

*Добуш берүүнүн жыйынтыктары добуштарды кол менен эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча белгиленет.».*

Бирок, белгилей кетүүчү нерсе 37-берененин 6-бөлүгүнө ылайык, *«Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордо жана (же) жыйынды таблицаларда каталар, ылайык келбөөлөр табылганда же участкалык шайлоо комиссияларынан түшкөн протоколдордун түзүлүшүнүн тууралыгына күмөн саноо пайда болгондо аймактык шайлоо комиссиясы добуштарды кайтадан эсептөө жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Кайталап эсептөө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн (мүчөлөрүнүн) милдеттүү катышуусунда жүргүзүлөт. Добуштарды кайталап эсептөөдө талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар катышууга укуктуу. Шайлоочулардын добуштарын кайталап эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзөт, анда «Добуштарды кайталап эсептөө» деген белги коюлат. Протокол Борбордук шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтүлөт.».*

Бирок, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесинин 10-бөлүгүнө ылайык:

«Арыздарды (даттанууларды) кабыл алуунун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимге арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимин даттанган учурда чечим чыккан учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко берилет. Аракетсиздикти даттануу учурунда арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын аракетсиздигине даттанган учурда аракет жасалууга тийиш болгон мөөнөт аяктаган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко берилет.».

Жогоруда аталган Мыйзамдын 42-беренесинин 5, 6-болукторуно ылайык, *«Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат.*

*Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат.».*

Жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык арыздарды (даттанууларды) берүүнүн мөөнөттөрү калыбына келтирүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөрү аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт.

Ошол себептен Борбордук шайлоо комиссиясы билдирет Сиздин арыз (даттануулар) кабыл алуу мооноту отуп кеткенидигин.

Ошону менен бирге белгилей кетчү нерсе, 2021-жылдын 24-апрелинде Борбордук шайлоо комиссиясынын №118-токтому менен Ош облусунун Алай аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 21-апрелиндеги Гүлчө айылдык кеңешинин депутаттарын шайлоо натыйжалары жөнүндө протоколдору бекитилген.

**БШКнын мүчөсү,**
**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

*аткаруучу: уюктук камсыз кылуу бөлүму*
*тел: 62-01-84*